Практика көрсөткөндөй, колдонмо-жасалга өнөрүнүн объектилери менен таанышкандан кийин студенттер көркөм кол өнөрчүлүк баалуу тарыхый эстеликтер экенин, алардын адамдардын жашоосундагы мааниси, көркөм багыты ж.б.у.с. жөнүндө жакшы маалыматтарга ээ болушкандыктарын белгилешкен. .

Демек, кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрүнүн каражаттары жаш муундардын инсандын руханий-адептик сапаттарынын калыптандырууда олуттуу потенциалга ээ. Мына ушуга байланыштуу кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрүнүн теориялык жана практикалык маселелерин билген компетенттүү мугалимдерди педагогикалык окуу жайларда даярдоонун зарылдыгы өсүүдө.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акматалиев А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү.-Бишкекю1996.-326 б.

2. Максимович В. Ф. Народные художественные промыслы: Научно — методическое пособие для преподавателей и студентов, высших и средних учебных заведений — М.: Флинта, 1999–64с.

3. Моңолдоров Ш.К кыргыздын улуттук оюм чийимдери: Кесиптик тех-к окуу жайлары үчүн окуу куралы-Бишкек1995.-136 б.

4. Сарбагышев А.А. Декоративно-прикладное искусство.- Бишкек: Иннова-ционный центр.2003.

5. Сыдыгалиев, Ж. . Элдик жасалга =н=р. Мищ кыял. Бишкек, 2014

УДК:371.3:372.87
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-264-271

**Джакыпов Кубатбек Куланчиевич**
И. Арабаев атындагы КМУ, Музыка кафедрасы, пед.и.к.,доценттин м.а
**Джакыпов Кубатбек Куланчиевич**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра музыки, к.пед.н, и.о. доцента
**Dzhakypov Kubatbek Kulanchievich**
KGU I. Arabaeva, department of music, Candidate of Pedagogical Sciences, Acting associate professor

## ЖАШ МУУНДАРГА КЫРГЫЗ САЛТТУУ КОМУЗУН ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮДӨ КАЛЫБЕК ЖЕКШЕНОВДУН РОЛУ

## РОЛЬ КАЛЫБЕКА ДЖЕКШЕНОВА В ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ТРАДИЦИОННОМУ КОМУЗУ МОЛОДЫХ ПОКОЛЕНИЙ

## THE ROLE OF KALYBEK JEKSHENOV IN TEACHING THE KYRGYZ TRADITIONAL KOMUS TO YOUNG GENERATIONS

**Аннотация:** Макалада автор кыргыз салттуу комузунун элибиздин руханий дүйнөсүндөгү алган орду, анын калыптанып өсүп-өнүгүүсүнө коомдук факторлордун таасири, Совет доорунда салттуу комуздун модернизацияланышы, коммунисттик идеологиянын салттуу музыкага анын ичинде комузчулук өнөргө болгон оң жана терс мамилелери камтылып, эгемендүүлүктүн келиши менен аткарылган иш аракеттер тууралуу баяндалган. Салттуу комуздун музыкалык

билим берүү багытында окуу процессине киргизилүүсүнө ошол учурдун таланттуу педагогдорунун бири катарында Калыбек Жекшеновдун ролу баса белгиленген.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается значение кыргызского традиционного комуза в духовном мире нашего народа, влияние социальных факторов на его формирование и развитие, модернизация традиционного комуза в советское время, положительные и отрицательные влияния коммунистической идеологии по отношению к традиционной музыке, в том числе к комузу. Особо отмечена роль Калыбека Джекшенова, как одного из самых талантливых педагогов того времени по внедрению традиционного комуза в учебный процесс как одного из направлений музыкального образования.

**Annotation:** In this article the significance of the Kyrgyz traditional komuz in the spiritual world of our people is considered, the influence of social factors on its formation and development, the modernization of the traditional komuz in Soviet times, positive and negative influences of communist ideology in relation to traditional music, including komuz.

Special mention is made of the role of Kalybek Dzhekshenov, as one of the most talented teachers of that time on the introduction of the traditional komuz in the educational process as one of the directions of musical education.

**Негизги сөздөр:** Салттуу комуз, руханий маданият, көркөм билим берүү, музыкалык билим берүү, эстетикалык тарбия, улуттук маданият, устат-шакирт, окуу программалары, репертуар, комузчу-педагог.

**Ключевые слова:** Традиционный комуз, духовная культура, художественное образование, музыкальное образование, эстетическое воспитание, национальная культура, учитель-ученик, учебная программа, репертуар, педагог-комузист.

**Keywords:** Traditional komuz, spiritual culture, artistic education, musical education, aesthetic education, national culture, teacher-student, educational program, repertoire, teacher-komuzist.

XX кылымдын аягы, XXI кылымдын башы дүйнөлүк коомчулук үчүн руханий жана материалдык талаптардын жаңы түрлөрүнө өтүү мезгили болду. Анткени учурда коомчулуктун өсүү тартибин түп тамырынан бери өзгөртүүгө жөндөмдүү, жаңы маалымат технологиялары ойлонуп табылууда. Бийик интеллектуалдуу, чыгармачыл эмгек – коомдогу өз ара атаандашуунун эң негизги кыймылдаткыч күчүнө айланды. Учурда коомдун актуалдуу маселелерин чечүү үчүн, жаңыча ой жүгүртө алган, өз ишинин чебери, адеп-ахлактуу жана руханий дүйнөсү бай адам керек. Мындай жоопкерчилик адамдын заманбап билим алуусун жана аны иш жүзүндө пайдалануусун талап кылат.

КР Президентинин 2021-жылдын 29-январында алгачкы чыгарган жарлыгы “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” деп жарыяланып бул багытта мамлекетибиздин алдыдагы аткара турган иштерине тапшырмалар берилди.

Бул проблемаларды чечүүдө жаш муундарга тарбия берүүчү, негизги функциясы катары – тарбия-таалим берүү маселелерин чечүүгө багытталган, педагогикалык окуу жайлардын ролу зор экендиги белгилүү.

Эстетикалык тарбия берүү адамзат маданиятынын өнүгүшү түздөн-түз көз каранды болгон негизги проблемалардын катарына кирет. Жалпыга белгилүү болгондой, эстетикалык тарбия берүүнүн өзөгү жана башкы каражаты болуп инсанга таасир берүүдө өзүнүн универсалдуулугу менен айырмаланган искусство саналат. Ал эми искусство системасында адамга комплекстүү таасир берүү мүмкүнчүлүгү менен музыка өзгөчө орунду ээлейт. Көп мезгилден бери топтолгон тажрыйба жана атайын изилдөөлөр музыка адамдын психикасына,

физиологиясына өзгөчө таасир берерин көрсөттү. Ал жан дүйнөнү жай алдыруучу жана жан эргитүүчү ар кандай эмоцияларды тартуулайт. Буга байланыштуу, инсанга музыкалык тарбия берүүнүн маанилүүлүгү жөнүндөгү тыянактар, анын адамдагы жалпы психикалык сапаттарды (ой жүгүртүү, элестетүү, көңүл буруу, эс, эрк) өнүктүрүү үчүн, инсандын эмоционалдуулугун, жан дүйнөсүнүн сезимталдыгын, адеп-ахлактык-эстетикалык идеалдарын тарбиялоо үчүн маанилүүлүгү, тарбия берүү системасында белгиленип келет.

Азыркы социомаданий кырдаалда музыка жаштардын руханий талаптарынын ичинде башкы планга көтөрүлдү. Анын өзгөчөлөнгөн касиети адамдын эмоциясына тикеден-тике таасир берүүсү менен искусство тармагынын башка түрлөрүнөн алдыңкы орунда турат. Бирок мындай көрүнүштүн аркасында учурдун проблемаларына айланган музыкалык искусстводогу кабылдоонун, баалуулук ориентациялардын татаал карама-каршылыктары катылып жатат. Бул жаштардын көп деле интеллектуалдык даярдыкты талап кылбаган, музыкалык искусствонун кичинекей бөлүкчөсү катары саналган эстрадалык-көңүл ачуучулук жеңил музыкага кызыгуусу. Ылгоосуз мамиле басымдуулук кылган музыкалык маданияттын мындай тиби инсан үчүн түпкүлүгү зыяндуу болуп саналары белгиленип келет. Ал бүтүндөй музыка искусствосунун оң жактуу мүмкүнчүлүктөрүнө карама-каршы таасир берет.

Мындай маселелерди чечүүдө ар бир элдин улуттук маданияты ошол элдин келечек муундары үчүн сырткы таасирлерден «сактоочу калкан» катары кызмат кылары чындык. Бала туулгандан өз улутунун рухий дүйнөсүнүн таасирине чөмүлүп, өзүнө толук синирип алгандан кийин, сырткы чөйрөдөн каптап келген ар кандай маданий агымдардан өзүнө керектүүсүн гана сиңирип, туура келбегендерин сыртка кагуу жөндөмдүүлүгүнө жетише алат.

К.Д. Ушинский: «…Ар бир улуттун тарбия берүүчүлүк идеялары ошончолук, аларды бөтөн кыртышка көчүрө салуу жеңил-желпи иш эмес. Калктын өзүндө жаралып, өз башатынан өзөк алган тарбиянын таасири дарексиз идеяларга жык толгон же бөтөн калктардан алынган тарбиялык көз караштарга салыштырмалуу эбегейсиз күчкө ээ болот», – деп баса белгилеген [5, 104-б.].

Элибиздин руханий байлыктарынын сап башында турган комузчулук өнөр кыргыз эли менен эриш-аркак нечен кылымдарды карытып жашап келе жатат. Өзүнүн бай тарыхында аталган өнөр жолу көптөгөн оомалуу-төкмөлүү мезгилдерди басып өттү.

Кыргыз элинин тарых-таржымалын изилдеген окумуштуу, академик В.В.Бартольд өзүнүн «Кыргыздар» деген тарыхый очеркинде: «Кыргыздар Орто Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Азыркы убакта Орто Азияда жашаган элдердин ичинен тарыхта аты ушунчалык эрте жолуккан бир да эл жок болуш керек»-деп, белгилөөсүн [1, 285-б.], окумуштуунун бул багытта жасаган көп жылдык эмгегинин жыйынтыгы катары тыянакка келүүсү,- деп эсептейбиз.

Кыргыз элинин тарыхы, маданияты тууралуу жазма, археологиялык табылгалар аркылуу бизге жеткен маалыматтар барган сайын арылап жылып баратат. Акыркы эле жылдары кытай архивдеринен табылган жаңы маалыматтар биздин тарыхты дагы да тереңдетти,- десек жаңылышпайбыз.

Элибиз менен эриш-аркак тарыхый узак жолду басып өткөн комузчулук өнөр тууралуу В. Виноградов өзүнүн «Кыргыздын элдик музыкасы» деген эмгегинде: «Комуз – кыргыздардын эң аздектеген музыкалык аспабы болуп эсептелинет. Аталышы боюнча тектеш көп элдердин аспаптарына окшош болгонуна карабастан өзүнүн жекече өзгөчөлүгү менен Орто Азия чөлкөмүндө курчап турган аспаптардан айрымалуу. Өзүбек, Тажик, Түркмөн элдеринин дутары, Казак элинин домбрасы эки кылдуу, беренелүү болгондугу жана күүлөнүшүнүн, ойноо ыкмаларынын окшоштугу жагынан бири бирине бир топ жакындашат. Ал эми кыргыз комузу

өзүнүн үч кылдуулугу, беренеси жоктугу, толгоосунун көп түрдүүлүгү, ойноо ыкмаларынын түрлөрү, тембри боюнча жана аткарыла турган чыгарманын деңгээли менен алардан кашкая бөлүнүп турат.» [2, 164-б.]. деп белгилеген.

Комузчулук өнөр, комуз аспабы кыргыз элинин өсүп өнүгүүсүнө өзгөчө тарыхый мааниге ээ болгон Совет доорунун башталышы менен жаңы бир бийиктиктерге көтөрүлдү. Комуз аспабын өркүндөтүү (модернизациялоо) боюнча учурунда көптөгөн иштер аткарылды.

Октябрь революциясынын жеңиши менен комуз дагы өзүнүн жаңы доорун баштап, кандайдыр бир өлчөмдө сапаттык өзгөрүүгө дуушар болду. Комуз буга чейин жайлоодо боз үйлөрдө же болбосо эл чогулган кичинекей аянтчаларда ойнолуп жүрсө, кийинки жүз жылдын ичинде аудиториясы өсүп, чоң-чоң сахналарда өзүнүн жаңы өмүрүн кечирип, таңшыган үнүн элге тартуулай баштады. Аспап жасоочу чеберлер комуздун добуштук мүмкүнчүлүгүн өркүндөтүүнүн үстүндө көп эмгектеништи. Жогоруда белгилегендей кыргыздын улуттук маданиятын, анын ичинен аспаптык музыкасын изилдеп, аны сактап калууга Совет бийлигинин жылдарында терең көңүл бурулган.

Өкмөттүн чечими боюнча 1928-жылы сентябрь айында, Агартуу комиссариатынын чакыруусу менен музыковед-фольклорист А. В.Затаевич келген (1869-1936). Бул адамдын келүүсү менен кыргыз музыкалык маданиятында улуу бурулуш болду. Эки айдын аралыгында Токтогул, Карамолдо, Муратаалы ж.б. өңдүү залкарлардын чыгармаларын нотага түшүрүп, өзүнчө жыйнакка киргизген.

Ошол эле учурда Ала-Тоо жергесинде алгачкы музыкалык студиялар ачылат. Аларда музыкалык ар кандай ийримдердин жүргүзүлүүсү жанданат. Музыкалык ийримдердин натыйжалуу иш-аракеттерди жүргүзүүсү, музыкалык окуу жайлардын ачылышына себепкер болот. Ал эми музыкалык окуу жайларды бүткөн жаш адистер театрлардын, филармониянын ачылышына түрткү берет. Мындай музыкалык мекемелерде аспаптык ансамблдердин, оркестрдин уюшулушу жандана баштайт. Бул коллективдердин адистери үчүн, алыбетте кандайдыр бир музыкалык билим алууну талап кылды. Комуз күүлөрү үн жазуу аппараттары аркылуу жана нотага түшүрүү менен жазылып алына баштады. Ошол мезгилде комузчулук өнөрдү сактап, муундан муунга калтыруу багытында кылымдардын бери устат-шакирт ыкмасы аркылуу берип келе жаткан түрүнө эми жазма маданият аркылуу да жеткирүү мүмкүнчүлүгү кошулган.

Ошондой болсо да салттуу маданиятыбызды, анын ичинде салттуу музыкабызды өнүктүрүүдө ал кездеги коммунисттик идеологиянын кесепетинен толук мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууга жол берилбей калган.

Советтик доордун учурунда миң жылдар бою калыптанып келе жаткан улуттук маданиятка сырткы идеологиялык талаптар таңууланган. Кыргызстанда да башка союздук республикалар сыяктуу эле улуттук иденттүүлүктү жоюу максатында «формасы боюнча улуттук жана мазмуну боюнча социалисттик» эрежелердин колдонулганы бекеринен эмес. Ошол учурда кыргыз тилинин жарым жартылай унуткарылып, арткы планга калтырылышы, музыкалык маданиятта классикалык, профессионалдык музыкалардын катарынан салттуу музыкалардын экинчи планга сүрүлүшү, менталитет системасынын кыйроосуна түрткү берген [4, 86-87-б.].

Бул жалпы элдик салттуу музыканын өнүгүүсүндөгү көйгөйлүү маселелерден болуп, бир топ жылга чейин созулду. Бул мезгилдерде Советтер Союзунун саясаты менен, музыкалык билим берүү системасында жаш муундарды “жаңыча” тарбиялап-окутуу жүргүзүлдү. Ал “жаңыча” окуу-тарбиясына, Европалык жана орус музыкасын окуп өздөштүрүү, музыкалык аспаптарында ойноону үйрөнүү киргизилген. Ал эми кыргыз салттуу аспаптарында окутуп,

өздөштүрүү жалпы билим берүү мектептеринде жана мектептен тышкары мекемелердеги музыкалык ийримдерде гана жүргүзүлдү. Ал ийримде аспаптарда ойноону каалоочулар жана жеке сүйүүчүлөр гана катыша алышкандыктан массалык мүнөзгө ээ болгон эмес. Кыргыз ышкыбоз жаш муундарынын мындай шартта музыкалык билим алуусу, аспаптык аткаруучулук өнөрүн өздөштүрүүсү, XX кылымдын аягына чейин жүргүзүлдү. 1985-жылдары аспаптык аткаруучулук өнөрүнө окутуу жагдайында бир топ бурулуштар болуп өттү. Ал бурулуш, аспаптык аткаруучулук өнөрүнө окутуунун билим берүү системасына киргизилишине байланышкан.

1984-жылы Бүбүсара Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинде кыргыз салттуу комузун окутуп үйрөтүү башталган.

1987-жылдан баштап республика боюнча, Балдар музыкалык мектептеринде, музыкалык орто жана жогорку окуу жайларында элдик салттуу музыкалык аспаптарда: (алгач комуз, темир ооз комуз, андан кийин кыл кыяк, анын соңунан үйлөмө аспаптар – чоор сыбызгы, ж.б. ) ойноого окутуу боюнча класстар ачылат.

Мына ушундай иш чараларды турмушка ашырууда алыбетте ошол учурда алдыны көрө билген, пайда болгон маселелерди чече билген таланттуу адистер талап кылынган.

Мына ошондой адистердин сап башында бүгүн биз сиздер менен 70 жылдык маарекесин белгилеп олтурган белгилүү педагог-комузчу КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер Жекшенов Калыбек Шейшенович турган.

1989-жылы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин Маданият факультетинин музыканын теориясы,тарыхы жана музыкалык аспаптар кафедрасында салттуу комуз бөлүмү ачылып, кафедра башчылыгына Жекшенов Калыбек Шейшенович чакыртылган.

Калыбек Шейшенович бул тармактагы жогорку билимдүү адис педагог катары ага чейин М. Абдыраев ат. Республикалык адистештирилген музыкалык мектеп-интернатта топтогон тажрыйбасын пайдалануу менен алгачкы эле күндөрдөн баштап салттуу комуздун окуу процессине кириши боюнча максат-милдеттерди ырааттуу түрдө ишке ашыра баштаган.

Анын демилгеси жана түздөн-түз жетекчилиги менен комуз аспабы окуу планына фортепиано, баян-аккордеон менен бирге негизги музыкалык аспап катары киргизилип, окутула баштаган. Кафедрада алгачкылардан болуп жогорку окуу жайлардын музыкалык бөлүмдөрүндө негизги аспап катары салттуу комуз аспабын окутуунун 4 жылдык программасы түзүлүп, бекитилет. Программада комуз чыгармалары эң жөнөкөй көнүгүүлөрдөн, этюддардан, кайрык, обондордон башталып, акыркы курста залкар күүлөрдү чертүү жана айрым кара күүлөрдү фортепианонун коштоосунда ансамбль ойноо деңгээлине жеткирүү камтылган. Ушул эле программада жыйынтыктоо учурунда студенттерге аткарган чыгармалары боюнча аннотация жазуу талабы коюлган. Мындай талап болочоктогу музыка мугалими үчүн мектепте сабак өтүүдө күүлөр, комузчулар жана алардын чыгармачылыгы боюнча окуучуларга кеңири маалымат берүүсүнө жол ачмак.

Комуз классынын максаты болуп ар тараптуу өсүп-өнүккөн музыкант, чебер аткаруучу, жогорку квалификациялуу комузчу-педагогду даярдоо менен бирге негизги музыкалык аспап комуз классынын педагогдоруна төмөндөгүдөй милдеттерди койгон:

Болочок ар бир музыка мугалими сөзсүз түрдө комузда ойной билүүсү;

комуз аспабы аркылуу кыргыздын салттуу музыкасын окуп үйрөнүү жана келечекте балдарга үйрөтүү;

студенттердин музыкалык сезимин өөрчүтүп, музыкага кызыгуусун арттыруу;

студенттерге музыка дүйнөсүнүн көркөм каражаттары боюнча түшүнүк берүү;
аспапта ойноонун аткаруучулук чеберчилигин өстүрүп өнүктүрүү;
руханий дүйнөсүн байытуу жана комузчулук өнөр менен кеңири тааныштыруу;
өз алдынча ой-жүгүртүүсүнө жана чыгармачылык изденүүсүнө көмөк берүү;
атактуу залкар комузчулардын өмүр жолу жана чыгармачылыгы менен тааныштыруу.

Калыбек Шейшенович класстар жана курстар үчүн репертуарды тандоого да олуттуу көңүл бурган. Анын түпкү мааниси, жаш муундардагы эстетикалык табитти тарбиялоо менен бирге чыгармалардын көркөм-эмоционалдык идеяларынын маңызына кирүүдө, добуштун коозлугуна жана сапатына көңүл буруууда, жалпы кругозорду кеңейтүүдө, ой жүгүртүүчү музыкантты тарбиялоодо чыгармачылык жекечеликти калыптандырууда турарына маани берген. Аткаруу үчүн тандалып алынган чыгарманын программага, аткаруучунун жөндөмүнө туура келүүсү, жөнөкөйдөн татаалды карай багытталуусуна басым жасап, анын мазмунун тарбиялык мааниси боюнча терең изилдөөдөн кийин гана репертуардык тизмеге кошкон.

Студенттер арасында кыргыздын салттуу аспаптарынан турган фольклордук ансамбль уюштуруп, анын репертарын, аспаптардын партияларын өзү жазып, өзү дирижерлук кылып даярдап чыгарган. К.Жекшеновдун аракети менен кыргыздын бир нече ыр-күүлөрү ансамблдин коштоосунда КМШ өлкөлөрүндө кыргыз искусствосунун күндөрүндө, жумалыктарында, концерттеринде жаңырган.

Ал эми күүлөрдү нотага түшүрүүдө Калыбек Шейшенович күүлөрдөгү автордук ойго терең маани берип, анын калыбын бузбай сактоого аракеттенген. Анын нотага түшүргөн чыгармалары, күүлөрү, иштеп чыккан фортепианонун коштоосунда чертилген күүлөрдүн ноталары жыйнак түрүндө бир китеп болуп чыгуу мүмкүнчүлүгүн ушул күнгө чейин күтүп келет.

Калыбек Шейшенович кыргыз салттуу комузунун жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачып коомчулукка жайылтып жаткан учурда 1993-жылы Кыргыз Мамлекеттик Консерваториясы ачылат.

1994-жылы Консерваторияда салттык музыка кафедрасы уюштуруп анын башчылыгына К. Жекшенов дайындалат.

Кафедрада алгач кыргыз элдик аспаптардан комуз боюнча окутуу жүргүзүлүп, анын соңунан көп өтпөй, элдик ырдоо классы ачылат. Элдик аспаптар боюнча окуу программалары түзүлүп, ал программалардын негизинде окуу китептерин, окуу-усулдук куралдарын, хрестоматияларын жазуу менен ноталык жана музыкалык адабияттарды топтоо иштери жүргүзүлө баштайт.

Калыбек Шейшенович түптөп кеткен программа боюнча комуз аспабы негизги аспап, кошумча аспап жана концертмейстер классы дисциплиналары катары Мамлекеттик билим берүү стандартына киргизилди. Ага негизделип түзүлгөн окуу планына сааттары, семестри, жыйынтыктары белгиленип, окуу процесси жүрүүдө. Окутуунун кредиттик системасына өтүүгө байланыштуу 550600 – “Көркөм билим берүү” багыты боюнча жогорку окуу жайлардын музыка адистигине окутууда комуз аспабын негизги аспап катары үйрөтүү программасы жана кошумча аспап катары үйрөтүү програмалары (бакалавр) бекитилип иштеп жатат.

Элибизде: Устаттык чоң жоопкерчилик, анткени сенин шакиртиң – сенин кол тамгаң дейт. Анын сыңарындай Калыбек Шейшеновичтин эң чоң жетишкендиктеринн бири анын бийик устаттык сапаты. Ал өзүн коомчулугубузда мыкты педагог –устат катары таанытып кетти. Калыбек Шейшеновичтин колунан таалим-тарбия алган шакирттери учурда билим берүү, маданият тармагында өздөрүн таанута алышты. Алардын айрымдарын атай кетсек: КР эл артисти, искусство таануу илиминин доктору, профессор Роза Аманова, КР эмгек сиңирген

артисти, белгилүү комузчу Закирбек Дүйшөнбек уулу, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, “Акак” комузчулар ансамблинин көркөм жетекчиси Ирина Суеркулова ж.б.

Калыбек Шейшеновичтин көзү өтсө да анын калтырып кеткен эмгектери кыргыз маданиятына кадимкидей эле кызмат кылып келе жатат. Анын нотага түшүргөн күүлөрү, ырлары окуу процессинде кеңири пайдаланылып, жаш муундардын жан дүйнөсүнө ата мурасы болгон комуз күүлөрүн сиңирүүдө орчунду орунду ээлеп турат.

Бизге чейинки педагог-музыкант-комузчулардын эгемендүүлүк жылдардын башында алгачкы саамалык катары жасаган эмгектери бизден кийин да актуалдуу бойдон кала берет.

Кыргызстандагы комуз класстары, деги эле музыкалык билим берүү Европалык музыкалык билим берүүгө салыштырмалуу абдан эле жаш. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болуу менен, музыкалык дүйнөдөгү өз алдынчалык абалын бекемдеп келет. Тарыхый жактан алганда, анын түзүлүшү негизинен советтик мезгилдеги музыкалык-педагогиканын мыкты салттарына таянат.

Учурда Кыргызстандын чыгармачыл окуу жайларында, дүйнөлүк билим берүүнүн тажрыйбаларын жергиликтүү шарттарга интеграциялоо иштери жүрүп жатат. Алар академиялык алмашуулар, чебер-класстар (мастер-класс), гранттарды өздөштүрүү ж.б. түрүндө өтүүдө [3, 115-б.].

Республикабызда акыркы эки жылда аткарылып жаткан иштер мындан ары билим берүү жана маданият тармагында да олуттуу жылыштар болорунан кабар берип жатат. Ошого байланыштуу бул багытта эмгектенгендер колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен улуттук маданиятыбызды улантууга салым кошуп кеткендердин жана учурда эмгектенип жаткандардын кылган иштерин туура баалап, алардын руханий мурастарын келечекке кемитпей жеткирүүгө милдеттүүлүгүбүздү унутпайлы. Устат-шакирт салтынын улуу көчүн улантуучулар эч убакта унутта калбай урпактарыбыз үчүн үлгү болуп, бийикте туруусу биздин келечек алдында аткаруучу атуулдук парзыбыз.

Ал эми улуу устат, таланттуу педагог Жекшенов Калыбек Шейшеновичтин музыкалык билим берүүдө салттуу комуздун ордун аныктап, аны окутуу боюнча аткарып кеткен эмгеги кыргыз эли менен кошо кылымдарды багынтып, мезгил менен шайкеш кадам таштап дагы да далай мезгилдерди эсебинен өткөрөрүнө терең ишенебиз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Бартольд В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер /Түз. кошумча түшүндүрмөлөр жана алгы сөз жазган Ө. Караев, – /Кырг. котор. котормочулар жамааты/ Б.: “Айбек” фирмасы, 1997– 456 б.
2. Виноградов, В. С. Киргизская народная музыка [Текст] / В. С. Виноградов,– Ф.: Киргосиздат, 1958. – 334 с.
3. Затаевич, А.В. Кыргызские инструментальные пьесы и напевы [Текст] / А.В. Затаевич. – Фрунзе, 1971.
4. Кыргыз Республикасындагы көркөм өнөр окутуусу XXI кылымдагы чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүүсү аналитикалык доклад «КМШ мамлекеттериндеги көркөм өнөр окутуусу: XXI кылымдагы чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүүсү» ЮНЕСКО жана МГКФ пилоттук долбоордун алкагында даярдалган Б.: 2011
5. Ушинский, Л. Педагогические сочинения [Текст] / Л. Ушинский. – М.-Л., 1948. – 488 с.


УДК:74